УДК 371.388.6
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-242-247

**ЮСУПОВА А.М., АЛГОЖОЕВА Ж.Б., АСКАРБЕКОВА А.**
Баласагын атындагы КУУ
**ЮСУПОВА А.М., АЛГОЖОЕВА Ж.Б., АСКАРБЕКОВА А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**YUSUPOVA A.M., ALGOZHOEVA J.B., MOLDOGAZY KYZY K.**
KNU J. Balasagyn

# ЖОЖдагы ЗАМАНБАП ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

## ТВОРЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СТУДЕНТОВ В СОВРЕМЕННОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ ВУЗА

## STUDENT CREATIVE ACTIVITY IN MODERN LEARNING PROCESS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада заманбап билим берүү процессинде студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн мааниси жана инновациялык ыкмалары каралат. Жогорку окуу жайларында окутуу процессинде студенттердин креативдүү ой жүгүртүүсүн өркүндөтүү, өз алдынча иштөө жөндөмүн арттыруу жана чыгармачылыкка багытталган методдорду колдонуу негизги максат болуп саналат. Макалада студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн негизги аспектилери, анын ичинде дивергенттик ой жүгүртүү, интерактивдүү жана инновациялык методдор, долбоордук ишмердүүлүк, сценарий түзүү, ролдук оюндар жана Сократтык диалог сыяктуу методдор талданган. Ошондой эле, чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө шарт түзгөн практикалык көнүгүүлөр жана тапшырмалар сунушталган. Макала билим берүү процессинде креативдүү ой жүгүртүү жана чыгармачылык ишмердүүлүк окуунун натыйжалуулугун жогорулатуучу маанилүү факторлордун бири экенин көрсөтөт.

**Аннотация:** В статье рассматриваются значение и инновационные методы развития творческой активности студентов в современном образовательном процессе. Основной целью образовательного процесса в высших учебных заведениях является развитие творческого мышления студентов, повышение их способности к самостоятельной работе, использование методов, направленных на развитие творческих способностей. В статье анализируются основные аспекты развития творческих способностей учащихся, в том числе такие методы, как дивергентное мышление, интерактивные и инновационные методы, проектная деятельность, создание сценариев, ролевые игры, сократовский диалог. Также были предложены практические упражнения и задания для развития творческой активности. В статье показано, что творческое мышление и творческая деятельность в образовательном процессе являются одними из важных факторов, повышающих эффективность обучения.

**Abstract:** This article considers the importance and innovative methods of developing students' creative activity in the modern educational process. The main goal of the educational process in higher education institutions is to improve students' creative thinking, increase their ability to work independently, and use methods aimed at creativity. The article analyzes the main aspects of developing students' creative abilities, including methods such as divergent thinking, interactive and innovative methods, project activities, scenario creation, role-playing games, and Socratic dialogue. It also offers practical exercises and tasks that contribute to the development of creative activity. The article shows that creative thinking and creative activity in the educational process are one of the important factors that increase the effectiveness of learning.

**Негизги сөздөр:** чыгармачылык ишмердүүлүк; инновациялык ыкмалар; өз алдынча иштөө; креативдүү ой жүгүртүү; практикалык көнүгүүлөр; тапшырмалар; дивергенттик ой жүгүртүү; интерактивдүү жана инновациялык методдор; долбоордук ишмердүүлүк; сценарий түзүү; ролдук оюндар.

**Ключевые слова:** творческая деятельность; инновационные методы; самостоятельная работа; творческое мышление; практические упражнения; задания; дивергентное мышление; интерактивные и инновационные методы; проектная деятельность; создание сценариев; ролевые игры.

**Keywords:** creative activity; innovative methods; independent work; creative thinking; practical exercises; tasks; divergent thinking; interactive and innovative methods; project activities; scenario creation; role-playing games.

Билим берүү системасында заманбап өзгөрүүлөр жана санариптик технологиялардын өнүгүүсү билим берүү процесстеринин жаңы деңгээлге көтөрүлүшүн шарттоодо. Өзгөчө башталгыч билим берүү багытында окуган студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү заман талабы болуп эсептелет. Бул макалада жогорку окуу жайларында окуп жаткан студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн инновациялык ыкмалары каралат [5].

Башталгыч класстар үчүн билим берүү программалары баланын креативдүү ой жүгүртүүсүн, өз алдынча иштөө жөндөмүн жана чыгармачылыкка багытталган ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү көздөйт. XXI кылымда билим берүүдө көндүмдөрдү өз алдынча иштеп чыгуу, изилдөө жүргүзүү жана инновациялык чечимдерди кабыл алуу эң маанилүү сапаттардын бири болуп саналат. Демек, педагогикалык жогорку окуу жайларында окуган студенттердин чыгармачылык жөндөмүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн жаңыча мамилелер талап кылынат.

Чыгармачылык ишмердүүлүк – бул студенттин идеяларды жаратуусу, чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүсү жана билимди практикада колдоно билүүсү. Билим берүү процессинде чыгармачылыкты өстүрүү студенттин интеллектуалдык жана психологиялык өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет.

Студенттердин окуу процессинде жана окуудан сырткары убактыларында жеке мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга шарт түзүп берүү зарыл. Студент үчүн жаңы маалыматтар, билимдерди өз алдынча өздөштүрүү кызыктуу процесс. Эгерде окутуучу тарабынан аларга туура багыт берилсе, билимге болгон кызыгуусун ойготуп, өз алдынча изилдөө аркылуу билим алуу жөндөмүн жогорулатат. Андыктан, адистикке даярдоодо студенттерге кызыктуу, проблемалуу темаларды берүү менен, алардын ал маселелердин тегерегинде көп изилдеп, көп окуп, өз алдынча чыгармачылык менен жыйынтык чыгарууга багыттоо зарыл. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө окутуучунун жоопкерчилиги да жогорулайт. Биз төмөндө студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги аспектилерине көңүл буруп, аларды таалдаганга аракет жасайбыз.

1. Чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн төмөнкү принциптерди эске алуу керек:

- Дивергенттик ой жүгүртүү – бир маселени чечүүнүн ар кандай жолдорун табуу;
- Сыноочу ой жүгүртүү – маалыматты терең талдоо жана өз оюн жүйөлүү негиздөө;
- Интуитивдик ой жүгүртүү – күтүүсүз, оригиналдуу идеяларды иштеп чыгуу.

1. Чыгармачылыкка түрткү берүүчү чөйрөнү түзүү. Окутуучулар студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн төмөнкү шарттарды камсыз кылышы керек:

- Эркин ой жүгүртүүгө жана жаңы идеяларды сунуштоого мүмкүнчүлүк берүү;
- Ар кандай креативдүү тапшырмалар менен иш алып баруу (ролдук оюндар, квесттер, долбоорлор ж.б.);
- Жаңы идеяларды колдоо жана сынга алуудан алыс болуу.

2. Чыгармачылык ишмердүүлүктү колдогон методдор. Чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн көптөгөн методдорду колдонууга болот:

- Мээ чабуулу

Максаты: Кандайдыр бир маселени чечүү үчүн студенттерди ар кандай идеяларды сунуштоого шыктандыруу. Колдонуу ыкмасы:

1. Маселе же суроо коюлат.
2. Студенттер мүмкүн болгон бардык варианттарды сунушташат.
3. Бардык идеялар анализденет жана мыкты вариант тандалат.

- Долбоордук метод

Максаты: Студенттерди өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө жана чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу. Колдонуу ыкмасы:

1. Студенттерге актуалдуу тема сунушталат.
2. Алар тема боюнча изилдөө жүргүзүп, өз идеяларын презентациялашат.
3. Долбоордун жыйынтыгы корголот.

Окуучулар чыгармачыл иштерди төмөнкү алкактарда аткарууга мүмкүнчүлүк алышат. тек гана керектүү маалыматты өз алдынча алуу менен чектелбестен, берилген теманы окуу китептеринен гана эмес, башка булактардан да изилдөө. Бул учурда мектеп окуучулары өз алдынча билим алып, ар кандай тармактар боюнча маалыматтарды өздөштүрүшөт, көйгөйлөрдү аныктап жана чечүү жолдорун табышат, кабыл алынган чечимдердин ар кандай варианттарынын натыйжаларын жана мүмкүн болуучу кесепеттерин алдын ала божомолдошот, ошондой эле себеп-натыйжа байланыштарын түзүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт. [1]

Студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү – бул студенттердин интеллектуалдык жана эмоционалдык потенциалын максималдуу түрдө ачуу, инновациялык ой жүгүртүүнү шыктандыруу жана жаңы идеяларды иштеп чыгуу үчүн шарттарды түзүү. Мунун максаты — студенттердин чыгармалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, ошондой эле алардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн окутуу процесси аркылуу стимулдаштыруу [2]. Студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн практикалык жолдору төмөнкү негизги максаттарды көздөйт:

1. Студенттин интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыздоо
Студенттердин аналитикалык, сыноочу, логикалык жана креативдүү ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү.

2. Чыгармачылыкка түрткү берүү. Студенттерди өзүнчө идеяларды иштеп чыгууга жана чыгармачылыкка багыттоо.

3. Өз алдынча иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
Студенттердин өз алдынча жана топ менен иштөө жөндөмдөрүн арттыруу.

4. Проблемаларды чечүү жөндөмүн жакшыртуу.
Көйгөйлөргө жаңы жана инновациялык чечимдерди табууга шыктандыруу.

5. Интерактивдүү окутуу усулдары аркылуу кызыгууну арттыруу. Студенттердин кызыгуусун жана мотивациясын жогорулатуу үчүн заманбап окутуу методдорун колдонуу.

Чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн студенттерге төмөнкү көнүгүүлөрдү сунуштаса болот:

1.“Эгерде...”көнүгүүсү.
Максаты: Студенттердин элестетүүсүн жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. Мисалы:

- "Эгерде китептер сүйлөй алса, алар эмне деп айтмак?"
- "Эгерде мен бир күнгө мугалим болсом, сабакты кандайча өткөрөт элем?"

2. Сүрөт же видео боюнча чыгармачылык баяндоо
Максаты: Студенттердин тилдик өнүгүүсүн жана чыгармачылык баяндоо жөндөмүн жакшыртуу. Мисалы:

- Студенттерге сүрөт же видео көрсөтүлүп, алар ага негизделген окуяны түзүшөт.

1. Метафоралар менен иштөө. Максаты: Студенттердин креативдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. Мисалы:

- "Кыргыз тили – бул... (сөздү толуктаңыз)."
- "Билим берүү – бул... (сөздү толуктаңыз)."

2. Жаңылыктарды кайрадан баяндоо. Максаты: Студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана ой жүгүртүүсүн активдештирүү.Мисалы:

- Белгилүү бир окуяны алып, аны башка көз караштан баяндоо (мис., бала, мугалим, журналист көз карашынан).

3. Креативдүү эссе жазуу. Максаты: Окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. Мисалы:

- "Бир күнгө тарыхый инсан болуп калсам..."
- "Келечектин билим берүү системасы кандай болот?"

Студенттердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү аларды интеллектуалдык жана профессионалдык жактан күчтөндүрүп, жаңыча ой жүгүртүү жөндөмүн жогорулатат. Чыгармачылыкты өстүрүү үчүн инновациялык методдорду, чыгармачыл ой жүгүртүүнү шыктандыруучу көнүгүүлөрдү, өз алдынча иштөөнү колдоону жана эксперимент жүргүзүүнү окуу процессине киргизүү керек.

Учурда креативдүү ой жүгүртүү билим берүүдө борбордук орунду ээлейт, анткени бул жөндөм студенттерге көйгөйлөрдү чечүүдө инновациялык мамиле жасоого жардам берет. Башталгыч класстарга билим берген мугалимдер студенттердин чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонушат:

1. Ачык суроолор жана талкуулар – студенттерди эркин ой жүгүртүүгө багыттайт. Мисалы, кыргыз тили предметин окутууда

фонетика жана орфография боюнча талкуу үчүн төмөнкүдөй суроолорду берүүнү сунуштайбыз:

- Эмне үчүн кээ бир сөздөрдүн жазылышы менен айтылышы дал келбейт?

- Орфографиялык нормалар өзгөрүшү мүмкүнбү? Эгер өзгөрсө, кандай учурларда?

- Фонетикалык изилдөөлөр тил өнүгүүсүнө кандай таасир этет?

Талкууга коюлган суроолордун негизиндн студенттер тилдеги тыбыштардын өзгөрүүсү, жаңы сөздөрдүн пайда болушу жана орфографиялык реформалар тууралуу ойлорун бөлүшөт. Кыргыз орфографиясындагы тарыхый өзгөрүүлөр боюнча мисалдарды аргументтештирип, өз ойлорун далилдеши керек.

Ал эми тилдин лексикология бөлүмү боюнча:

- Сөздөрдүн мааниси убакыттын өтүшү менен кантип өзгөрөт?

- Кыргыз тилиндеги көп маанилүү сөздөрдүн пайда болуу себептери эмнеде?

- Диалектилер жана адабий тил ортосундагы байланыш кандай?

Талкууда студенттер ар кайсы диалектилерден келген сөздөрдү салыштырып, алардын адабий тилге кантип таасир эткенин талкуулашат. Семантикалык өзгөрүүлөрдүн мисалдары анализденет.

2. Морфология жана синтаксис бөлүмүн окутууда:

- Эмне үчүн айрым тилдерде сөз тартиби маанилүү роль ойнойт, ал эми башкаларында анча эмес?

- Сүйлөм структурасы тилдин логикасына кандай таасир этет?

- Кыргыз тилиндеги жаңы грамматикалык өзгөрүүлөрдү байкадыңызбы?

Мындай суроолор студенттерди сүйлөм түзүмүндөгү айырмачылыктарды, башка тилдер менен салыштырууларды жүргүзүүгө шарт түзөт. Ошондой эле, жаңы сөз жасоо моделдерин талкуулашат.

Андан сырткары практикалык сабактарда тапшырмалардын вариативдүүлүгү, башкача айтканда бир маселени чечүүнүн бир нече жолдорун сунуштоо жолун пайдаланса болот. Мисалы: Төмөндө жогорку окуу жайлардын кыргыз тили сабагында колдонулушу мүмкүн болгон тапшырмалардын вариативдүүлүгүнө мисалдарды келтирели.

Маселе:

3. Лексика боюнча тапшырмалар

Төмөнкү сөздөрдү семантикалык жактан анализдеңиз: "ачык", "жарык", "сүйүү", "татыктуу", "ынтымак".

Варианттуу чечүү жолдору:

1. Синонимдик катарларды түзүү

- Ар бир сөздүн синонимдерин таап, алардын маанилик айырмачылыктарын түшүндүрүү.

2. Антонимдерди табуу

- Сөздөрдүн антонимдерин аныктап, аларды колдонууга мисал келтирүү.

3. Этимологиялык анализ

- Бул сөздөрдүн келип чыгышын изилдөө (мис., сөз түрк, араб, фарсы же орус тилинен келгенби?).

4. Көп маанилүү сөздөрдү колдонуу

- Бир сөздүн ар кандай маанидеги колдонулушун мисалдар аркылуу көрсөтүү.

5. Метафора жана эпитеттерди аныктоо

- Сөздөр адабий тексттерде кандайча метафора же эпитет катары колдонуларын анализдөө.

6. Контексттик изилдөө

- Ар бир сөздү көркөм адабияттан мисал келтирүү менен колдонуу.

Тапшырмалардын вариативдүүлүгүн колдонуу студенттердин кыргыз тили боюнча тереңирээк ойлонушуна, бир маселени чечүүнүн ар кандай жолдорун изилдөөсүнө жана тил илиминин ар кайсы аспектилерин түшүнүүсүнө жардам берет. Бул ыкма окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат жана чыгармачылык мамилени калыптандырат.

Окуу предметтерин интеграциялап окутуу аркылуу студенттердин ой жүгүртүүсүн өстүрүү, билимдерди толуктоо, ар түрдүү татаал баскычтагы маалыматтардын багытгарын бириктирип, бир багытта толук билим алууга жетишүү учурдун талабы [3, 167]. Студенттердин өз алдынча иштөөсүн камсыз кылуу чыгармачылык ой жүгүртүү жана инновациялык чечимдерди кабыл алуу менен тыгыз байланыштуу. Өз алдынча иштөө үчүн студенттерге төмөнкү темаларды сунуштоого болот:

Темалар:

1. Кыргыз тилин окутууда инновациялык методдор

2. Эне тилди үйрөнүүдө мультимедиялык каражаттардын ролу

3. Адабий окуу сабактарында чыгармачылык көндүмдөрдү өнүктүрүү

4. Тилди окутууда санариптик технологияларды колдонуу

5. Сабаттуулукту өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр
6. Башталгыч класстар үчүн интерактивдүү окутуу усулдары
7. Окуучулардын өз алдынча окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү стратегиялары
8. Кыргыз тилин үйрөнүүдө долбоордук иштин мааниси
9. Жазуу маданиятын жакшыртуунун заманбап ыкмалары
10. Тил жана адабий окуу сабактарында критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү

Рефлексивдик көнүгүүлөр:

1. "Менин окутуу стилим" көнүгүүсү. Максаты: Студенттердин өзүнүн окутуу стилин аңдап түшүнүүсүн камсыз кылуу.Нускама:

- Сиз тилди кандайча үйрөнөсүз? (Көбүнчө угуу, жазуу, талкуулоо аркылуубу?)
- Кайсы методдор сизге көбүрөөк пайдалуу болду?
- Эгер мугалим болсоңуз, кайсы методдорду колдонот элеңиз?

2. "Менин прогрессим" көнүгүүсү. Максаты: Студенттердин өз алдынча окуу процессиндеги жетишкендиктерин баалоого жардам берүү.Нускама:

- Акыркы үч айда мен кайсы тилдик көндүмдөрүмдү жакшырттым?
- Кандай методдор мага жардам берди?
- Өз алдынча иштөөнү жакшыртуу үчүн дагы кандай стратегияларды колдонсом болот?

3. "Күчтүү жана алсыз жактар" көнүгүүсүМаксат: Өз алдынча иштөөдөгү тоскоолдуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо.Нускама:

- Мен тил үйрөнүүдө эмнеге жакшы өздөштүрөм?
- Менде кайсы кыйынчылыктар бар?
- Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн кандай ыкмаларды колдонсом болот?

4. "Менин чыгармачылыгым" көнүгүүсү. Максаты: Студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. Нускама:

- Эгер мен тил үйрөнүү методикасына жаңы ыкма киргизе алсам, ал кандай болмок?
- Кыргыз тилин окутууну кызыктуураак кылуу үчүн кандай интерактивдүү көнүгүүлөрдү ойлоп тапсам болот?
- Чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн кандай көнүгүүлөр пайдалуу деп ойлойм?

5. "Ой жүгүртүү журналы" көнүгүүсү. Максаты: Студенттерди өз ойлорун жана тажрыйбаларын жазып турууга көндүрүү. Нускама:

- Ар бир сабактан кийин эң маанилүү нерселерди жазып туруңуз.
- Сиз үчүн жаңы болгон түшүнүктөрдү баяндаңыз.
- Бүгүнкү сабакта эмнени түшүнүү кыйын болду? Кантип муну жакшырта алам?

Аталган көнүгүүлөр студенттердин аналитикалык жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет. Көрүнүп тургандай, рефлексивдик көнүгүүлөр аркылуу студенттер өз ойлорун анализдөөнү үйрөнүшөт [4].

Заманбап билим берүү системасы [6] студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү талап кылат. Айрыкча, башталгыч билим берүү багытында тил жана адабий окуу предметтерин окутууда инновациялык методдорду колдонуу студенттердин креативдүү ой жүгүртүүсүн, өз алдынча иштөө жөндөмүн жана чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Билим берүүдө креативдүү ой жүгүртүүнү жана чыгармачылык ишмердүүлүктү ар тараптуу өнүктүрүү – билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги факторлорунун бири болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Юсупова А.М. Самостоятельная работа на уроке как форма развития самостоятельности учащихся // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, № 2(114).
2. Апиш Ф.Н. Самостоятельная работа как способ развития мотивации и саморганизации учебной деятельности студента // Культурная жизнь Юга России, 2008, №2 (27), с. 45-48.
3. Дуванаева К.Т. Особенности дифференцированной организации самостоятельной работы студентов // Известия вузов Кыргызстана, 2015, №6, с. 74-76.
4. Мадумарова М.К. Манас таануу предметин интеграциялап окутууда студенттердин өз алдынча иштерин жүргүзүү // Известия вузов Кыргызстана, 2017, №4,167-б.
5. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, No. 3(119), с. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.
6. Сулайманова Р.Т., Бообаева Н.А. Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдерди даярдоонун илимий-теориялык негиздери // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, No. 3(119), с. 45-49. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-45-49. – EDN BBNVOC.

**Рецензент: д.пед.н., профессор Добаев К.Д.**